ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Б. ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ
ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Д 05.22.651 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ

Кол жазма укугунун негизинде
УДК: 517.956.6

Абдумиталип уулу Кубатбек

ТӨРТҮНЧҮ ТАРТИПТЕГИ АРАЛАШ ПАРАБОЛА-ГИПЕРБОЛИКАЛЫК ТЕҢДЕМЕЛЕР ҮЧҮН ЧЕК АРАЛЫК МАСЕЛЕЛЕР

01.01.02 – дифференциалдык теңдемелер, динамикалык системалар жана оптималдык башкаруу

Физика-математика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу диссертациясынын
АВТОРЕФЕРАТЫ

Ош - 2023

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин Математикалык анализ кафедрасында аткарылган

Илимий жетекчи: **Асылбеков Таалайбек Дүкөнбаевич,** физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент, Ош мамлекеттик университетинин Колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын доценти (Кыргызстан, Ош ш.)

Расмий оппоненттер: **Искандаров Самандар,** физика-математика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Математика институтунун интегро-дифференциалдык теңдемелер теориясынын лабораториясынын башчысы (Кыргызстан, Бишкек шаары)

Зулпукаров Жакшылык Алибаевич, физика-математика илимдеринин кандидаты, М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин Колдонмо математика жана информатика кафедрасынын доценти (Кыргызстан, Ош ш.)

Жетектөөчү уюм: Наманган инженердик-курулуш институту, Жогорку математика кафедрасы. Дареги: 160100, Өзбекстан, Наманган областы, Наманган ш. Ислам Каримов көч., 12.

Диссертацияны коргоо 2023-жылдын 28-февралында саат 14:00 дө 723500, Ош шаары, Ленин көчөсү, 331 дареги боюнча Ош мамлекеттик университетинин жана Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин алдындагы физика-математика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 05.22.651 диссертациялык кеңешинин жыйынында болуп өтөт.

Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциялоонун коду: https://vc.vak.kg/b/052-pvt-luj-9ih

Диссертация менен Ош мамлекеттик университетинин жана Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин китепканаларынан жана диссертациялык кеңештин https://oshsu.kg/ сайтынан таанышууга болот.

Авторефераты 2023-жылдын 26-январында жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, ф.-м.и.к., доцент Бекешов Т.О.

ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Математикалык физиканын классикалык эмес теңдемелер теориясынын маанилүү бөлүмү болуп аралаш (эллиптика-гиперболикалык, парабола-гиперболикалык жана эллиптика-параболикалык) типтеги теңдемелер теориясы эсептелет. Мындай теңдемелер үчүн чек аралык маселелердин чечилиши Ф. Трикоми (1947), А.В. Бицадзе (1959), М.С. Салахитдинов (1974), Т.Д. Джураев (1963), М.М. Смирнов (1970), Т.Ш. Кальменов (1993), А.М. Нахушев (1969), В.И. Жегалов (1987), Е.И. Моисеев (1988), К.Б. Сабитов (2016), А.К. Уринов (2010), А. Сопуев (1986), А.С. Бердышев (2015), Ю.П. Апаковдордун (2019) жана башка изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде изилденген.

Аралаш парабола-гиперболикалык теңдемелер теориясынын өнүгүшү Т.Д. Джураевдин (1986) жана анын шакирттеринин төртүнчү тартиптеги аралаш парабола-гиперболикалык теңдемелер үчүн чек аралык маселелерди чечүүдө ишке ашырылган. Эгерде теңдеменин тартиби төртүнчү тартипке чейин жогоруласа, анда типтин өзгөрүү сызыгында функцияны анын экинчи же үчүнчү тартипке чейинки туундуларын жалгаштыруу шарттары талап кылынат. Төртүнчү тартиптеги аралаш парабола-гиперболикалык теңдемелер үчүн чек аралык маселелерди изилдөө жана аларды чечүү үчүн жаңы методдорду колдонуу талап кылынат.

Теманын актуалдуулугу. Төртүнчү тартиптеги аралаш эллиптика-гиперболикалык теңдемелер үчүн чек аралык маселелер М.М. Смирновдун (1970) жана Л.А. Бобылёванын (1972) эмгектеринде изилденген:

$$L_1 L_2 u = 0, \qquad (1)$$

мында

$$L_1 \equiv \begin{cases} \dfrac{\partial^2}{\partial x^2} + \dfrac{\partial^2}{\partial y^2}, y > 0, \\ \dfrac{\partial^2}{\partial x^2} - \dfrac{\partial^2}{\partial y^2}, y < 0, \end{cases}, \; L_2 \equiv \frac{\partial^2}{\partial x^2} - \frac{\partial^2}{\partial y^2}.$$

(1) теңдеме үчүн чек аралык маселелер төмөнкүдөй болгон учуру

$$L_1 \equiv \frac{\partial^2}{\partial x^2} \text{ или } L_1 \equiv \frac{\partial^2}{\partial y^2}, \text{ а } L_2 \equiv \begin{cases} \dfrac{\partial^2}{\partial x^2} - \dfrac{\partial}{\partial y}, y > 0, \\ \dfrac{\partial^2}{\partial x^2} - \dfrac{\partial^2}{\partial y^2}, y < 0, \end{cases} \qquad (2)$$

Т.Д. Джураев (1986), А. Сопуев (1986), М. Мамажанов (1986) жана алардын окуучуларынын эмгектеринде каралган.

Т.Д. Асылбековдун (2003) ишинде теңдеменин жогорку мүчөлөрү $L_1 L_2 \equiv \dfrac{\partial^3}{\partial x^3}\dfrac{\partial}{\partial y}$ көрүнүштө болгондо, D_1 областындагы (1) теңдеме үчүн чек аралык маселелер каралган. А.З. Пирматовдун (2003) ишинде теңдеменин жогорку мүчөлөрү $L_1 L_2 \equiv \frac{\partial^2}{\partial x^2}\frac{\partial^2}{\partial y^2}$ көрүнүштө болгондо, $D=\{(x,y): 0<x<\ell, -h_1<y<h\}$ областындагы (1) теңдеме үчүн чек аралык маселелер изилденген. Т.Ы. Саадаловдун (2016) ишинде теңдеменин жогорку мүчөлөрү $L_1 = \frac{\partial^2}{\partial x^2}$, $L_2 \equiv \begin{cases} \frac{\partial^2}{\partial x^2}, y>0, \\ \frac{\partial^2}{\partial x \partial y}, y<0. \end{cases}$ көрүнүштө болгондо, $D=\{(x,y): 0<x<\ell, -h_1<y<h\}$ областындагы (1) теңдеме үчүн чек аралык маселелер изилденген.

Аралаш типтеги теңдемелер үчүн чек аралык маселелерди изилдөөнүн колдонуудагы маанилүүлүгү, ошондой эле алардын көптөгөн колдонулуштары М.А. Абдрахманов (1971), Ж.А. Акилов (1982), Г.М. Стручина (1961), Дж.Уизем (1977), Я.С. Уфлянддардын (1964) эмгектеринде көрсөтүлгөн. Бирок, төртүнчү тартиптеги теңдемелердин операторлору (2) түрдө болгон учурлары үчүн чек аралык маселелер аз изилденген.

Диссертациялык иш L_1 оператору – аралаш парабола–гиперболикалык оператор болгон (1) түрдөгү теңдемелер үчүн коюлган чек аралык жана жалгаштыруу маселелеринин корректүүлүгүн аныктоого жана изилдөөгө арналган:

$$L_1 \equiv \begin{cases} \frac{\partial^2}{\partial x^2} - \frac{\partial}{\partial y} + a_1(x,y)\frac{\partial}{\partial x} + c_1(x,y), y>0, \\ \frac{\partial^2}{\partial x^2} - \frac{\partial^2}{\partial y^2} + a_2(x,y)\frac{\partial}{\partial x} + b_2(x,y)\frac{\partial}{\partial y} + c_2(x,y), y<0, \end{cases}$$

ал эми $L_2 \equiv \frac{\partial^2}{\partial x^2}$ же $L_2 \equiv \frac{\partial^2}{\partial y^2}$ же $L_2 \equiv \frac{\partial^2}{\partial x^2} - \frac{\partial^2}{\partial y^2}$.

Диссертациянын көлөмдүү илимий программалар (проекттер) жана негизги илим-изилдөө иштери менен байланышы: Диссертациялык жумуш «Кыргыз Республикасынын катышуусундагы Мамлекеттер аралык максаттуу программа жана Илимий-техникалык иштер» деп аталган Мамлекеттик жана Илимий-техникалык иштер программасына ылайык "Жекече туундулуу төртүнчү тартиптеги теңдемелер үчүн локалдуу жана локалдуу эмес маселелер" (мамлекеттик каттоо номери №0007520, 01.01.2018-жыл) темадагы илимий изилдөө долбоорунун алкагында аткарылды.

Изилдөөнүн максаты: Төртүнчү тартиптеги аралаш парабола-гиперболикалык теңдемелер үчүн чек аралык маселени койуу жана анын корректүүлүгүн далилдөө.

Изилдөөнүн маселелери:

1. Төртүнчү тартиптеги аралаш парабола-гиперболикалык теңдемелер үчүн жалгаштыруу маселелеринин чечимдеринин жашашын жана жалгыздыгын далилдөө;

2. Чечимдердин жылмакайлуулугун камсыз кылуучу функциялар классын, ошондой эле жалгаштыруу шарттарынын санынын теңдеменин тартибинен көз карандылыгын аныктоо;

3. Жалгаштыруу маселелеринин бир маанилүү чечилишинин жетиштүү шарттарын табуу;

4. Жекече туундулуу төртүнчү тартиптеги теңдемелер үчүн чек аралык маселелердин корректтүү коюлушу үчүн аймактардын конфигурациясын аныктоо.

Изилдөөнүн илимий жаңылыктары:

1. Төртүнчү тартиптеги аралаш парабола-гиперболикалык теңдемелер үчүн жалгаштыруу маселелеринин корректүүлүк шарттары аныкталды;

2. Төртүнчү тартиптеги аралаш парабола-гиперболикалык теңдемелер үчүн жалгаштыруу маселелеринин чечимдерин айкын түрдө аныктоочу формулалар алынды;

3. Жалгаштыруу сызыгы $y = 0$ болгон төртүнчү тартиптеги аралаш парабола-гиперболикалык теңдемелер үчүн жалгаштыруу маселелеринин чечимдеринин жашашы жана жалгыздыгы жөнүндөгү теоремалар далилденди;

4. Төртүнчү тартиптеги аралаш парабола-гиперболикалык теңдемелер үчүн жалгаштыруу маселелерин чечүүнүн алгоритми иштелип чыгылды.

Алынган натыйжалардын практикалык мааниси. Алынган жыйынтыктар бир тектүү эмес, бөлүкчө бир тектүү чөйрөлөрдө жана жыйылган факторлордо өтүүчү кубулуштарды жана процесстерди моделдөөдө колдонулушу мүмкүн, ошондой эле төртүнчү тартиптеги аралаш парабола-гиперболикалык теңдемелер үчүн чек аралык маселелердин теориясынын өнүгүшүнө белгилүү салым кошот.

Алынган натыйжалардын экономикалык мааниси. Чек аралык маселелерди чечүүнүн иштелип чыккан математикалык ыкмалары төртүнчү тартиптеги аралаш парабола-гиперболикалык теңдемелер үчүн жалгаштыруу маселелерин аналитикалык түрдө чечүүгө мүмкүндүк берет жана сандык эсептөөлөрдү алууда колдонулат, натыйжада математикалык модели бул теңдемелер аркылуу аныкталган процесстерди изилдөөдө чыгымдар азаят.

Диссертациянын коргоого алып чыгылуучу негизги жоболору:

1. Төртүнчү тартиптеги аралаш парабола-гиперболикалык теңдемелер үчүн коюлган жалгаштыруу маселелеринин корректүүлүк шарттары аныкталган;

2. Төртүнчү тартиптеги аралаш парабола-гиперболикалык теңдемелер үчүн жалгаштыруу маселелеринин бир маанилүү чечилиши изилденген;

3. Төртүнчү тартиптеги аралаш парабола-гиперболикалык теңдемелер үчүн жалгаштыруу маселелеринин корректүү коюлушуна аймактын конфигурациясынын жана жалгаштыруу шарттарынын таасиринин аныкталышы;

4. Төртүнчү тартиптеги аралаш парабола-гиперболикалык теңдемелер үчүн жалгаштыруу маселелеринин чечимдерин айкын түрдөгү көрүнүшүнүн алынышы.

Изилдөө натыйжаларын апробациялоо. Жумуштун жыйынтыктары жана алынган натыйжалар дайыма талкууланып турду:

1. “Жекече туундулуу теңдемелер” аттуу семинарда (2014-2022 жж, ОшМУ), жетекчиси – ф.-м.и.д., профессор А. Сопуев;

2. “Математиканын актуалдуу проблемалары жана алардын колдонулуштары” аттуу регионалдык илимий семинарда (2014-2021 жж, Ош ш.), жетекчиси – КР нын илимине эмгек сиңирген ишмер, КР УИА нын мүчө-корреспонденти, ф.-м.и.д., профессор К. Алымкулов;

3. Дифференциалдык теңдемелер боюнча семинарда (2018-2021 жж., ЖАМУ, Жалал-Абад ш.), жетекчиси – ф.-м.и.д., профессор К.С. Алыбаев;

4. "Дифференциалдык теңдемелердин классикалык жана классикалык эмес маселелери" семинарында, жетекчи – ф.-м.и.д., профессор Ю.П. Апаков (Наманган ш., Наманган инженер-курулуш институту, 3-4-декабрь, 2021-ж.);

5. "Математикалык физиканын классикалык эмес теңдемелери жана алардын колдонулушу" эл аралык илимий конференциясында (Ташкент ш., Мирзо Улукбек атындагы өзбек улуттук университети, 24-26-октябрь, 2019-ж.);

6. "Дифференциалдык теңдемелердин жана математиканын чектеш тармактарынын заманбап көйгөйлөрү" аттуу эл аралык илимий конференциясында (Фергана ш., Фергана мамлекеттик университети, 12-13-март 2020-ж.);

7. Академик А.А. Борубаевдин 70 жылдыгына арналган «Азыркы математиканын маселелери» эл аралык илимий конференциясында (Бишкек ш., КР УИАнын Математика институту, 5-19-июнь, 2021-ж.);

8. Профессор Акылбек Керимбекович Керимбековдун 75 жылдыгына жана илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнүн 50 жылдыгына карата "Оптималдуу башкаруу теориясынын, динамикалык системалардын жана оператордук теңдемелердин актуалдуу көйгөйлөрү" аттуу эл аралык илимий конференциясында (Бишкек ш., КРСУ, 23-25-июнь, 2022-ж.);

9. “Математиканын актуалдуу проблемалары жана алардын колдонуштары” аталыштагы К. Алымкулов атындагы регионалдык семинарында (Ош ш., 2022-жыл).

Изденүүчүнүн жеке салымы. Биргеликте жасалган [5] макалада маселенин коюлушу илимий жетекчиге, ал эми чечимдин жашашы жана жалгыздыгы жөнүндөгү теоремаларды далилдөө, келтирилген мисалдар жана алынган негизги жыйынтыктар авторго таандык.

Диссертациянын жыйынтыгын басылмаларга чагылдыруу толуктугу. Диссертациялык жумуштун негизги мазмуну толугу менен 9 илимий макалада жарык көргөн жана 4 эл аралык конференцияларда талкууланып, конференциялардын тезистеринде жарыланган. Топтолгон баллдардын жалпы саны – 170.

Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү. Диссертация киришүүдөн, 13 бөлүмдөн турган беш главадан, 93 пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана корутундудан турат. Бөлүмдөрдү номерлөө эки цифрадан турат: биринчиси главанын номерин, ал эми экинчиси - бөлүмдүн номерин көрсөтөт. Теоремаларды, формулаларды, маселелерди номерлөө үч цифрадан турат: биринчи цифра главанын, экинчи цифра бөлүмдүн, үчүнчү цифра бөлүмдөгү катар номерди көрсөтөт. Тексттин көлөмү 118 бет.

ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

КИРИШҮҮдө теманын актуалдуулугунун негизделиши, жумуштун жалпы мүнөздөмөсү, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого чыгарылган негизги баяндамалар берилген.

Биринчи бап “АДАБИЯТТАРГА ЖАНА ДИССЕРТАЦИЯНЫН НАТЫЙЖАЛАРЫНА СЕРЕП**”** эки бөлүмдөн турат.

"АДАБИЯТТАРГА СЕРЕП" **1.1-бөлүмүндө** диссертациянын темасы боюнча адабияттарга сереп берилет. Бул бөлүмдө сунуш кылынган диссертациялык иштин темасына эң жакын башка авторлордун эмгектеринин илимий жыйынтыктарына талдоо жүргүзүлгөн.

"ДИССЕРТАЦИЯНЫН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫНА СЕРЕП САЛУУ" деген **1.2-бөлүмдө** диссертациянын илимий жыйынтыктарына кеңири сереп берилген. Маселелердин коюлушу баяндалган жана теоремалар далилсиз берилген.

Биринчи баптын корутундусунда жүргүзүлгөн талдоолордун негизинде диссертациядагы изилдөөр актуалдуу, учурдагы талапка жооп берет жана белгилүү бир теориялык жана практикалык кызыкчылыкка ээ экендиги белгиленген.

Экинчи бап “ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ” эки бөлүмдөн турат.

2.1-бөлүмдө "ИЗИЛДӨӨНҮН ОБЪЕКТИЛЕРИ ЖАНА ПРЕДМЕТТЕРИ" изилдөө объектилери жана предметтери келтирилген.

Изилдөө объектиси. Диссертациялык иштин изилдөө объектиси болуп тегиздиктеги төртүнчү тартиптеги аралаш парабола-гиперболикалык теңдемелер үчүн чек аралык маселелердин коюлушун жана алардын корректүүлүгүн тегиздикте изилдөө болуп саналат.

Изилдөө предмети –теңдеменин коэффициенттери туруктуу, теңдеменин коэффициенттери өзгөрүлмөлүү жана изилдөө аймагы мүнөздөөчү сызыкты кармаган шарттарда жалгаштыруу маселелеринин чечимдерин табуу:

- 4-тартиптеги моделдик аралаш парабола-гиперболикалык теңдемелер үчүн жалгаштыруу маселесинин бир маанилүү чечилишин далилдөө;

- кичине мүчөсү бар өзгөрмө коэффициенттүү болгон 4-тартиптеги аралаш парабола-гиперболикалык теңдемелер үчүн жалгаштыруу маселелеринин чечимдеринин жашашын жана жалгыздыгын далилдөө;
- өзгөрүлмөлүү коэффициенттүү 4-тартиптеги аралаш парабола-гиперболикалык теңдемелер үчүн жалгаштыруу маселелеринин чечимин табуу.

2.2-бөлүмдө "ИЗИЛДӨӨ ЫКМАЛАРЫ" диссертацияда колдонулган теңдемелердин тартибин төмөндөтүү ыкмасы, Риман методу, Гриндин функциясы методу, удаалаш жакындаштыруу методу, Вольтерранын жана Фредгольмдун интегралдык теңдемелер методдору баяндалган.

Үчүнчү бапта "x БОЮНЧА ЭКИНЧИ ТАРТИПТЕГИ ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК ОПЕРАТОРДУ КАМТЫГАН АРАЛАШ ПАРАБОЛА-ГИПЕРБОЛИКАЛЫК ТӨРТҮНЧҮ ТАРТИПТЕГИ ТЕҢДЕМЕ ҮЧҮН ЧЕК АРАЛЫК МАСЕЛЕЛЕР" төртүнчү тартиптеги теңдеме үчүн чек аралык маселелердин чечимдеринин жашашы жана жалгыздыгы x боюнча экинчи тартиптеги кадимки дифференциалдык операторго парабола-гиперболикалык оператор колдонулган учуру изилденген.

3.1-бөлүмдө $B_0A_0: y=h$ $AC: x+y=0, CB: x-y=\ell$ $(\ell>0)$, $BB_0: x=\ell$, $(h>0)$, $A_0A: x=0$ сызык сегменттери менен чектелген D аймагында

$$L_1 L_2 u = 0, \tag{3}$$

теңдеме каралат,

мында $L_1 \equiv \begin{cases} \dfrac{\partial^2}{\partial x^2} - \dfrac{\partial}{\partial y}, y>0, \\ \dfrac{\partial^2}{\partial x^2} - \dfrac{\partial^2}{\partial y^2}, y<0, \end{cases}$, $L_2 \equiv \dfrac{\partial^2}{\partial x^2}$

(1-сүрөт).



1-сүрөт. D областынын сүрөтү

$D_1 = D \cap (y>0)$, $D_2 = D \cap (y<0)$ болсун. C^{n+m} – бардык $\dfrac{\partial^{r+s}}{\partial x^r \partial y^s}(r=0,1,...,n;\ s=0,1,...,m)$ туундулары үзгүлтүксүз болгон функциялардын классын билдирет.

(3) теңдеме D_1 областында төрт эселүү чыныгы $y=const$ характеристикага, ал эми D_2 областында эки эселенген $y=const$ характеристикасына жана $x+y=const$, $x-y=const$ характеристикаларына ээ болот.

3.1.1-маселе. $D\setminus(y=0)$ областында төмөнкү шарттарды канааттандырган (1) теңдеменин чечимин табуу талап кылынат:

$$u, u_x, u_{xx} \in C\left(\overline{D}\right) \cap C_1(D) \cap \left[C^{2+1}(D_1) \cup C^{2+2}(D_2)\right];$$

$$\begin{cases} u\big|_{x=0}=\varphi_1(y),\ u_x\big|_{x=0}=\varphi_2(y),\ 0\le y\le h,\ u_{xx}\big|_{x=0}=\varphi_3(y), \\ u_{xx}\big|_{x=\ell}=\varphi_4(y),\ 0\le y\le h,\ u\big|_{x=-y}=\psi_1(y),\ -\dfrac{\ell}{2}\le y\le 0, \\ u_x\big|_{x=-y}=\psi_2(y),\ u_{xx}\big|_{x=-y}=\psi_3(y),\ -\dfrac{\ell}{2}\le y\le 0, \end{cases} \tag{4}$$

мында $\varphi_i(y)(i=\overline{1,4}),\psi_i(y)(j=\overline{1,3})-$ жылмакай функциялар, ал эми

$$\begin{cases} \varphi_1(y),\ \varphi_2(y)\in C^2\left[0,h\right],\ \varphi_3(y),\ \varphi_4(y)\in C\left[0,h\right], \\ \psi_i(y)\in C^2\left[-\dfrac{\ell}{2},0\right]\left(i=1,2\right),\ \psi_3(y)\in C^4\left[-\dfrac{\ell}{2},0\right]; \end{cases} \tag{5}$$

$$\varphi_1(0)=\psi_1(0),\ \varphi_2(0)=\psi_2(0),\varphi_3(0)=\psi_3(0). \tag{6}$$

$L_2L_1u=0$ теңдемеси үчүн чек аралык маселелер Джураев Т.Д. (1986), Сопуев А. (1986), Мамажанов М. (1986), Асылбеков Т.Д. (2003), Саадалов Т.Ы. (2016) жана башка авторлордун эмгектеринде изилдеген.

Төмөнкү

$$\frac{\partial^2 u}{\partial x^2}=\upsilon\left(x,y\right) \tag{7}$$

белгилөөнү киргизүү менен 3.1.1-маселени $L_1\upsilon=0$ теңдемени үчүн чек аралык шарттары

$$\upsilon\big|_{x=0}=\varphi_3(y),\ \upsilon\big|_{x=\ell}=\varphi_4(y),\ 0\le y\le h,\ \upsilon\big|_{x=-y}=\psi_3(y),-\frac{\ell}{2}\le y\le 0 \tag{8}$$

болгон Трикоминин маселесине алып келебиз. Бул маселенин чечими төмөнкүдөй түрдө табылат:

$$\upsilon(x,y)=\int_0^y G_\xi\left(x,y;0,\eta\right)\varphi_3(\eta)d\eta-\int_0^y G_\xi\left(x,y;\ell,\eta\right)\varphi_4(\eta)d\eta+\int_0^\ell G\left(x,y;\xi,0\right)\tau''(\xi)d\xi,\ y>0,$$

$$\upsilon(x,y)=\tau''\left(x+y\right)-\psi_3\left(-\frac{x+y}{2}\right)+\psi_3\left(\frac{y-x}{2}\right),\ y<0,$$

мында $G\left(x,y;\xi,\eta\right)$ – жылуулук өткөрүмдүүлүк теңдемеси үчүн биринчи чек аралык маселенин Грин функциясы.

3.1.1-маселени чечүү үчүн x боюнча $-y$ тен x ке чейин эки жолу интегралдап жана (7), (8) шарттарды эске алуу менен төмөнкү жыйынтыктарды алабыз:

$$u\left(x,y\right)=\varphi_1\left(y\right)+x\varphi_2\left(y\right)+\int_0^x\left(x-\xi\right)\upsilon\left(\xi,y\right)d\xi,\ (x,y)\in D_1, \tag{9}$$

$$\begin{aligned} u(x,y)=\tau\left(x+y\right)+\left(x+y\right)\left[\psi_2\left(y\right)-\psi_2\left(0\right)\right]+\psi_1\left(y\right)-\psi_1\left(0\right)+ \\ +\int_{-y}^x\left(x-\xi\right)\left[\psi_3\left(\frac{y-\xi}{2}\right)-\psi_3\left(-\frac{y+\xi}{2}\right)\right]d\xi,\ (x,y)\in D_2. \end{aligned} \tag{10}$$

3.1-теорема. Эгерде (5), (6) шарттар аткарылса, анда 3.1.1-маселесинин чечими жашайт, жалгыз жана (9), (10) формулалары менен аныкталат.

3.2-бөлүмүндө 3.1 бөлүмүндө көрсөтүлгөн D областында

$$L_1 L_2 u = 0, \tag{11}$$

$$L_1 \equiv \begin{cases} \dfrac{\partial^2}{\partial x^2} - \dfrac{\partial}{\partial y} + c_1(x,y), y > 0, \\ \dfrac{\partial^2}{\partial x^2} - \dfrac{\partial^2}{\partial y^2} + a_2(x,y)\dfrac{\partial}{\partial x} + b_2(x,y)\dfrac{\partial}{\partial y} + c_2(x,y), y < 0, \end{cases}, \; L_2 \equiv \frac{\partial^2}{\partial x^2}.$$

теңдеме каралат, мында $a_2(x,y), b_2(x,y), c_i(x,y)(i=1,2)$ жылмакай функциялар.

3.2.1-маселе. $D \setminus (y=0)$ областында (11) теңдемени жана

$$\begin{gathered} u\big|_{x=0} = \varphi_1(y),\; u_x\big|_{x=0} = \varphi_2(y),\; u_{xx}\big|_{x=0} = \varphi_3(y),\; u_{xx}\big|_{x=\ell} = \varphi_4(y),\; 0 \le y \le h, \\ u\big|_{x=-y} = \psi_1(y),\; u_x\big|_{x=-y} = \psi_2(y),\; u_{xx}\big|_{x=-y} = \psi_3(y),\; -\frac{\ell}{2} \le y \le 0 \end{gathered} \tag{12}$$

шарттарын канааттандырган $u, u_x, u_{xx} \in C(\overline{D}) \cap C^1(D) \cap \left[C^{2+1}(D_1) \cup C^{2+2}(D_2)\right]$ классындагы $u(x,y)$ функциясын табуу талап кылынат, мында

$$\begin{gathered} a_2(x,y),\, a'_{2x}(x,y),\, b_2(x,y),\, b'_{2y}(x,y),\, c_2(x,y) \in C(D_2) \\ c_1(x,y) \in C(D_1),\; \forall (x,y) \in \overline{D}_1 : \left|c_1(x,y)\right| \le 0; \end{gathered} \tag{13}$$

$$\begin{gathered} \varphi_1(y), \varphi_2(y) \in C^2[0,h],\; \varphi_3(y), \varphi_4(y) \in C[0,h], \\ \psi_i(y) \in C^2\left[-\frac{\ell}{2}, 0\right](i=1,2),\; \psi_3(y) \in C^4\left[-\frac{\ell}{2}, 0\right]; \end{gathered} \tag{14}$$

$$\varphi_1(0) = \psi_1(0),\; \varphi_2(0) = \psi_2(0),\; \varphi_3(0) = \psi_3(0). \tag{15}$$

Маселени чечүү үчүн $u(x,+0) = u(x,-0) = \tau(x), u_y(x,+0) == u_y(x,-0) = = \nu(x), 0 \le x \le \ell$ жалгаштыруу шарттарын алалы, мында $\tau(x), \nu(x)$ – белгисиз функциялар. Жаңы $\upsilon_i(x,y)$ $(i=1,2)$ функцияларын киргизебиз:

$$\begin{cases} u_{xx} = \upsilon_1(x,y),\; (x,y) \in D_1. \\ u_{xx} = \upsilon_2(x,y),\; (x,y) \in D_2. \end{cases} \tag{16}$$

Анда 3.2.1-маселенин чечимин табуу

$$0 = \begin{cases} \upsilon_{1xx} - \upsilon_{1y} + a_1(x,y)\upsilon_{1x} + c_2(x,y)\upsilon_1 = 0, (x,y) \in D_1, \\ \upsilon_{2xx} - \upsilon_{2yy} + a_2(x,y)\upsilon_{2x} + b_2(x,y)\upsilon_{2y} + c_2(x,y)\upsilon_2 = 0, (x,y) \in D_2, \end{cases} \tag{17}$$

теңдемесин,

$$\upsilon_1\big|_{x=0} = \varphi_3(y),\; \upsilon_1\big|_{x=\ell} = \varphi_4(y),\; 0 \le y \le h,\; \upsilon_2\big|_{x=-y} = \psi_3(y),\; -\frac{\ell}{2} \le y \le 0 \tag{18}$$

чек аралык шарттарын жана

$$\upsilon_1(x,+0)=\upsilon_2(x,+0)=\tau_1(x),\ \upsilon_{1y}(x,+0)=\upsilon_{2y}(x,+0)=\nu_1(x),\ 0\le x\le\ell \quad (19)$$

жалгаштыруу шарттарын канааттандыруучу $\upsilon_i(x,y)\ (i=1,2)$ функцияларын табууга алып келтирилет, мында $\tau_1(x)=\tau''(x), \nu_1(x)=\nu''(x)$.

(17)-(19) маселеленин чечими интегралдык теңдемелер методу менен $\nu_1(x)$ функциясын табуу үчүн 2-түрдөгү Фредгольмдун интегралдык

$$\nu_1(x)=\int_0^{\ell} N(x,t)\nu_1(t)dt+g(x) \quad (20)$$

теңдемесин чечүүгө келтирилет, мында $N(x,t)$ жана $g(x)$ 3.2.1-маселесинин берилгендери аркылуу туюнтулуучу белгилүү функциялар. Эгерде $\|N\|=\max\limits_{\substack{0\le x\le\ell\\0\le t\le\ell}}|N(x,t)|$ жана

$$\|N\|\ell<1 \quad (21)$$

шарты аткарылса, анда (20) теңдеме жалгыз чечимге ээ болоору далилденет.

$\nu_1(x)$ функциясы табылгандан кийин, $\tau(x), \nu(x)$ функцияларын аныктайбыз жана жыйынтыгында 3.1.1-маселесинин чечими табылат.

3.2.1-теорема. Эгерде (13), (14), (15), (21) шарттары аткарылса, анда 3.2.1-маселесинин чечими жашайт жана жалгыз болот.

3.3-бөлүмүндө $D_1=\{(x,y):0<x<\ell,\ 0<y<h\}$ областында төмөнкү теңдемени карайлы:

$$\left(\frac{\partial^2}{\partial x^2}-\frac{\partial}{\partial y}\right)\left(\frac{\partial^2}{\partial x^2}+c(x,y)\right)u=0, \quad (22)$$

мында $c(x,y)$ – берилген функция.

3.3.1-маселе. D_1 областындагы (22) теңдемени жана

$$\begin{aligned}&u(0,y)=\tau(y),\ u(\ell,y)=\varphi_1(y),\ 0\le y\le h,\ u(x,0)=\psi(x),\ 0\le x\le\ell,\\&u_{xx}(0,y)=\mu(y),\ u_{xx}(\ell,y)=\varphi_2(y),\ 0\le y\le h;\end{aligned} \quad (23)$$

шарттарын канааттандырган $C^{2+0}\left(\overline{D_1}\right)\cap C^{2+1}\left(D_1\right)\cap C^{4+0}\left(D_1\right)$ классына таандык болгон $u(x,y)$ функциясын табуу талап кылынат.

Эгерде

$$\tau(y),\ \mu(y),\ \varphi_1(y),\ \varphi_2(y)\in C[0,h],\ c(x,y)\in C(D_1),\ \psi(x)\in C^2[0,\ell]; \quad (24)$$

$$\tau(0)=\psi(0),\ \varphi_1(0)=\psi(\ell),\ \mu(0)=\psi''(0),\ \varphi_2(0)=\psi''(\ell). \quad (25)$$

$$\forall(x,y)\in\overline{D_1}: c(x,y)\le 0 \quad (26)$$

шарты аткарылса, анда (22)-(23) маселесинин чечими Гриндин функциясын колдонуу жана теңдеменин тартибин төмөндөтүү методун колдонуу аркылуу табылат.

3.3.1-теорема. Эгерде (24), (25) жана (26) шарттары аткарылса, анда 3.3.1-маселесинин чечими D_1 областында жашайт жана жалгыз болот.

3.3.1-мисал. Эгерде $c(x,y) = -\lambda^2\left(y+1\right)^2$, $\lambda \neq 0$ болсо, анда 3.3.1-маселенин чечими табылсын.

Маселени чыгарууда (26) шарттын орун алаарын аныктайбыз. Гриндин функциясын төмөнкүдөй көрүнүштө тургузабыз:

$$G_2\left(x,\xi,y\right) = \begin{cases} \dfrac{sh\left[\lambda\left(y+1\right)x\right] sh\left[\lambda\left(y+1\right)\left(\xi-\ell\right)\right]}{\lambda\left(y+1\right) sh\left[\lambda\left(y+1\right)\ell\right]}, 0 \le x \le \xi, \\ \dfrac{sh\left[\lambda\left(y+1\right)\xi\right] sh\left[\lambda\left(y+1\right)\left(x-\ell\right)\right]}{\lambda\left(y+1\right) sh\left[\lambda\left(y+1\right)\ell\right]}, \xi \le x \le \ell. \end{cases}$$

Натыйжада 3.3.1-мисалдагы маселенин чечими төмөнкүдөй аныкталат:

$$u(x,y) = u_0(x,y) + \int_0^\ell G_2(x,\xi,y) f(\xi,y)\, d\xi,$$

мында $$u_0(x,y) = \frac{\ell - x}{\ell}\tau(y) + \frac{x}{\ell}\varphi_1(y),\ f(x,y) = \upsilon(x,y) - \lambda^2\left(y+1\right)^2 u_0(x,y),$$

$$\upsilon(x,y) = \int_0^y G_\xi\left(x,y;0,\eta\right)\chi_1\left(\eta\right)d\eta - \int_0^y G_\xi\left(x,y;\ell,\eta\right)\chi_2\left(\eta\right)d\eta +$$

$$+\int_0^\ell G_\xi\left(x,y;\xi,0\right)\psi_1\left(\xi\right)d\xi,\ \psi_1(x) = \psi''(x) - \lambda^2\psi(x),$$

$$\chi_1(y) = \mu(y) - \lambda^2\left(y+1\right)^2\tau(y),\ \chi_2(y) = \varphi_2(y) - \lambda^2\left(y+1\right)^2\varphi_1(y).$$

Төртүнчү бапта "y БОЮНЧА ЭКИНЧИ ТАРТИПТЕГИ ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК ОПЕРАТОРДУ КАМТЫГАН ТӨРТҮНЧҮ ТАРТИПТЕГИ АРАЛАШ ПАРАБОЛА-ГИПЕРБОЛИКАЛЫК ТЕҢДЕМЕ ҮЧҮН ЧЕК АРАЛЫК МАСЕЛЕЛЕР" парабола-гиперболикалык оператор y боюнча экинчи тартиптеги кадимки дифференциалдык операторго колдонулган учурдагы төртүнчү тартиптеги теңдеме үчүн коюлган чек аралык маселенин чечиминин жашашы жана жалгыздыгы изилденген.

4.1-бөлүмүндө 3.1-бөлүмүндө көрсөтүлгөн D областында

$$0 = \begin{cases} \left(\dfrac{\partial^2}{\partial x^2} - \dfrac{\partial}{\partial y}\right)\dfrac{\partial^2 u}{\partial y^2}, (x,y) \in D_1, \\ \left(\dfrac{\partial^2}{\partial x^2} - \dfrac{\partial^2}{\partial y^2}\right)\dfrac{\partial^2 u}{\partial y^2}, (x,y) \in D_2, \end{cases} \tag{27}$$

теңдемеси үчүн төмөнкү маселени изилденген.

4.1.1-маселе. D областында (27) теңдемени,

$$\begin{cases} u(0,y)=\varphi_1(y),\ u(\ell,y)=\varphi_2(y), 0\le y\le h, u|_{AC}=\psi_1(x), 0\le x\le \frac{\ell}{2}, \\ u|_{BC}=\psi_2(x), \frac{\ell}{2}\le x\le \ell,\ \frac{\partial u}{\partial n}\Big|_{AC}=\psi_3(x), 0\le x\le \frac{\ell}{2}, \\ \frac{\partial u}{\partial n}\Big|_{BC}=\psi_4(x), \frac{\ell}{2}\le x\le \ell,\ \frac{\partial^2 u}{\partial n^2}\Big|_{AC}=\psi_5(x),\ 0\le x\le \frac{\ell}{2}, \end{cases} \tag{28}$$

шарттарын,

$$\begin{cases} u(x,-0)=u(x,+0),\ u_y(x,-0)=u_y(x,+0),\ 0\le x\le \ell, \\ u_{yy}(x,-0)=u_{yy}(x,+0),\ u_{yyy}(x,-0)=u_{yyy}(x,+0),\ 0\le x\le \ell, \end{cases} \tag{29}$$

жалгаштыруу шарттарын

$$\begin{cases} \varphi_i(y)\in C^2[0,h]\ (i=1,2),\ \psi_j(x)\in C^3\left[0,\frac{\ell}{2}\right]\ (j=1,3), \\ \psi_5(x)\in C^2\left[0,\frac{\ell}{2}\right], \psi_k(x)\in C^3\left[\frac{\ell}{2},0\right], k=2,3 \\ \varphi_1(0)=\psi_1(0), \varphi_2(0)=\psi_2(\ell), \psi_1\left(\frac{\ell}{2}\right)=\psi_2\left(\frac{\ell}{2}\right), \psi_3\left(\frac{\ell}{2}\right)=\psi_4\left(\frac{\ell}{2}\right) \end{cases} \tag{30}$$

шарттарды канааттандыруучу $u(x,y)\in C(\overline{D})$ функциясын тапкыла, мында $\varphi_i(x)(i=1,2), \psi_j(x)(j=\overline{1,5})$ – жылмакай функциялар, n – ички нормаль.

